Айдыңы артк

Алтынкен

# «Алтынкен» компаниясын
# социалдык-экономикалык а

**Чүй облусунун Кемин районунда жайгашкан «Алтынкен» алтын өндүрүүчү компаниясы 2025-жылы аймактын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө олуттуу салым кошту. Компаниянын өндүрүштүк ишмердүүлүгү, инвестициялары жана социалдык долбоорлору райондун экономикасын бекемдеп, жергиликтүү калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга көмөк берди.**

**«Алтынкен» ишканасы аймактагы ири өнөр жай ишканаларынын бири катары жаңы жумуш орундарын түзүп, жергиликтүү калкты иш менен камсыз кылууда маанилүү роль ойнойт. Тоо-кен тармагы өлкөнүн өнөр жай секторунун маанилүү бөлүгү болуп эсептелет жана 2025-жылы Кыргызстанда өнөр жай өндүрүшү да өсүү темпин көрсөткөн. Мисалы, 2025-жылдын январь–ноябрь айларында өлкөдө өнөр жай өндүрүшүнүн көлөмү болжол менен 10 %га өскөнү белгиленген.**

**Мындан тышкары, компания жергиликтүү бюджетке салыктарды жана башка төлөмдөрдү төлөө аркылуу райондук жана шаардык инфраструктураны өнүктүрүүгө шарт түзөт. Бул каражаттар жолдорду оңдоого, социалдык объектилерди каржылоого жана коммуналдык кызматтарды жакшыртууга багытталат.**

**«Алтынкен» компаниясы социалдык жоопкерчилик багытында да активдүү иштерди жүргүзүп келет. Мисалы, 2025-жылы Орловка шаарында аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө гуманитардык жардам көрсөтүлүп, жүздөн ашуун үй-бүлөгө ун, май сыяктуу керектүү азык-түлүктөр таратылган. Бул демилге жергиликтүү тургундар тарабынан жогору бааланып, компания менен коомчулуктун ортосундагы ишенимди бекемдеген.**

**Ошондой эле компания жергиликтүү коомчулук менен кызматташып, спорттук жана маданий иш-чараларды уюштурууга да катышат. Мындай иш-чаралар жаштардын активдүүлүгүн арттырып, коомдук ынтымакты чыңдоого өбөлгө түзөт.**

**Жыйынтыктап айтканда, «Алтынкен» компаниясынын 2025-жылдагы ишмердүүлүгү Кемин районунун экономикасына гана эмес, социалдык турмушуна да оң таасирин тийгизди. Жумуш орундарын түзүү, жергиликтүү бюджетти толуктоо жана социалдык долбоорлорду ишке ашыруу аркылуу компания аймактын туруктуу өнүгүшүнө салым кошуп жатат.**

## «Алтынкен» компаниясы Кемин районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө салым кошууда



– Кемин районунун акими **Канболот Тутуевдин** айтымында, «Алтынкен» компаниясынын ишмердүүлүгү райондун социалдык жана экономикалык абалына түздөн-түз таасир этүүдө. Компаниянын кайрымдуулук акциялары жана инфраструктуралык салымдары калктын аялуу катмарын колдоого багытталган.

2025-жылы Кемин району республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди толук аткарып, социалдык-экономикалык маселелерди чечүүдө «Алтынкен» компаниясынын салымы өзгөчө белгиленет. Тактап айтканда, компания райондун өнүктүрүү фондуна чегерилген каражаттарды пайдалануу менен көптөгөн маанилүү иштерге катышкан.

Атап айтканда, компаниянын жардамы менен:
• мектептердин, саламаттык сактоо жана маданият мекемелеринин техникалык абалы жакшыртылып, ремонт иштери жүргүзүлгөн;
• тосмолор жана кабелдик тармактар жаңыланган;
• материалдык-техникалык база чыңдалып, эмеректер жаңыртылган.

Мындан тышкары, «Алтынкен» компаниясы райондук жана шаардык маанидеги маанилүү майрамдарда демөөрчүлүк көрсөтүүдө. Балдарды коргоо күнү, Эгемендүүлүк күнү, Карылар күнү сыяктуу иш-чараларда компания райондук администрация менен биргеликте жергиликтүү калкка ар тараптуу колдоо көрсөтүп келет.

Аким Канболот Тутуев компания жетекчилигине ыраазычылык билдирип, «Алтынкен» тарабынан жүргүзүлүп жаткан кайрымдуулук акцияларынын жана социалдык долбоорлордун маанисин белгиледи. Бул демилгелер калктын турмушун жакшыртууга гана эмес, райондун туруктуу өнүгүүсүнө да салым кошуп жатат.




## «Алтынкен» компаниясы Орловка шаарынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө салым кошууда



Орловка шаа
рынын мэри **Аман**
**Койшыбаев** бил
диргендей, «Ал
тынкен» компа
ниясы 2025-жы
лы шаардын со
циалдык жана ин
фраструктуралы
өнүгүүсүнө олутту
салым кошту. Ком
паниянын шаарда
гы ишмердүүлүг
калктын жашо
деңгээлин жакшыр
тууга багытталган.
Мэрдин айты
мында, өткөн жылы
«Алтынкен» компаниясы Орловка шаарындагы коомду
жана социалдык иш-чараларга активдүү катышып, а
дайым колдоо көрсөтүп келген. Атап айтканда, компа
ния менен биргеликте шаардын 1826 метрлик Фрунз
көчөсү капиталдык ремонттон өткөрүлгөн.
Мындан тышкары, компания шаар тургундарын
социалдык жардам көрсөтүүгө да өзгөчө көңүл бу
рат. Кары-картаңдарга, турмуштук кыйынчылыкка ка
былган үй-бүлөлөргө, мүмкүнчүлүгү чектелген бал
дарга жана муктаж жарандарга үзгүлтүксүз жарда
көрсөтүлүп келет.
Ошондой эле, компания менен шаар тургундары
нын ортосундагы ынтымакты чыңдоо максатында а
кандай коомдук жана маданий иш-чараларды уюшту
руу каржылык колдоо менен коштолуп келет. Өткө
жылы Кытай мамлекетинен келген делегациянын ка
тышуусунда Орловка шаарынын эс алуу паркында
бак-дарактар отургузулган, бул Кыргыз-Кытай мам
лекеттеринин достук жана кызматташтык мамилеле
рин бекемдөө максатында жасалган демилге болгон
Мэр А.Койшыбаев белгилегендей, «Алтынкен» ком
паниясынын ишмердүүлүгү жергиликтүү калктын со
циалдык маселелерин чечүүгө олуттуу жардам бери
келет. Компания ачык-айкындуулук принцибин сакта
шаар менен тыгыз кызматташтыкта иш алып барууда
Андан тышкары, 2026-жылга карата дагы бирге
ликте ишке ашырыла турган социалдык жана инфра
структуралык долбоорлор пландалып жатканын мэ
кошумчалады. Бул демилгелер Орловка шаарыны
туруктуу өнүгүүсүнө жаңы дем берүүчү жагдайлард
түзөт.

н "Алтынкен"

# ын ишмердүүлүгү Кемин районунун балына түздөн-түз таасир этти

## «Алтынкен» компаниясы «Күн шооласы» карылар үйүнө үзгүлтүксүз камкордук көрсөтүүдө

– «Күн шооласы» карылар үйүнүн директору Татьяна Синюк билдиргендей, «Алтынкен» компаниясы ар бир майрамды калтырбай, татаал турмуштук кырдаалга туш болгон 38 карыларга үзгүлтүксүз көңүл буруп, камкордук көрсөтүп келет.

Директор Синюк компаниянын колдоосун «терең ыраазычылыкка татыктуу» деп баалады. Анын айтымында, компаниянын жардамы карылар үчүн өтө маанилүү жана аларды майрамдарда өзгөчө кубантып келет. «Ар бир майрам жакындаганда биз аларды




атасын алыстан күткөн балдардай эле «качан келишет экен» деп күтүп турабыз. Бул компания өкүлдөрүнүн колдоосу карылар үчүн канчалык маанилүү экенин айкын көрсөтүп турат», – деп белгиледи Татьяна Синюк.

Мындан тышкары, «Алтынкен» компаниясы кыш мезгилине карата карылар үйүнө көмүр жеткирип берип, жылуулук маселесин чечүүгө да чоң жардам көрсөтөт. Бул демилгелер карылар үйүнүн жашоочуларына жайлуулукту камсыздап, алардын күнүмдүк турмушун жеңилдетет.

Директордун айтымында, компания менен карылар үйүнүн ортосундагы тыгыз байланыш жана өз убагында көрсөтүлгөн колдоо, карылар үчүн психологиялык жана социалдык мааниде да чоң салым кошууда.

## «Алтынкен» компаниясы Кемин районунун жайыт секторунда малчыларга көмөк көрсөтүүдө



– Кызыл-Октябрь айыл аймагынын жайыт секторунун жооптуу кызматкери Нурлан Абдылдаев билдиргендей, «Алтынкен» компаниясы жергиликтүү калктын муктаждыктарын эске алып, айыл аймактарына жыл сайын техникалык жардам көрсөтүп келет.

Н.Абдылдаевдин айтымында, айыл аймагынын жайыттарынын жалпы аянты 23 250 гектарды түзөт жана алардын айрым бөлүктөрү компаниянын фабрикалары жайгашкан аймактардан өтөт.

Ошондуктан, компания кыштан кийин жана жазгы жаан-чачын мезгилинде тоолуу жолдорду жана жайыттарга баруучу жолдорду тазалоо иштерине техникаларды тартат, бул аймактарда жашаган малчылар үчүн чоң жардам болуп саналат.Бардык иштер компаниянын кызматкерлери жана айыл өкмөттөрүнүн жайыт комитетинин өкүлдөрүнүн көзөмөлүндө жүргүзүлөт.

Мындан тышкары, мал чарбачылыгы жайгашкан аймактардагы шахта жолдорунда күндөн кубат алуу-чу электр жарыктары орнотулуп, түнкү убакта айдоочуларга жана малчыларга жол көрсөтүп, коопсуздукту камсыздайт.

Абдылдаев белгилегендей, компания жергиликтүү калкка алдын ала маалымат берип, бардык иштерди координациялап жүргүзөт. Мисалы, өткөн жылы муниципалдык техникалар бузулуп калган учурда, «Алтынкен» компаниясы бардык чыгымдарды өз мойнуна алып, 13 чакырым жолду оңдоп берген, бул айыл өкмөт үчүн олуттуу колдоо болду.



Кызыл-Октябрь айыл аймагында компания тарабынан көрсөтүлүп жаткан жардамдардын түрү арбын жана бул жергиликтүү калктын жашоо-шартын жакшыртууга олуттуу салым кошуп келет. «Алтынкен» компаниясынын аракеттери айыл тургундарынын ишенимин арттырып, жергиликтүү турмушту жакшыртууга чоң өбөлгө түзөт.

## «Алтынкен» компаниясы Чым-Коргон айыл аймагында калктын аялуу катмарын колдоп келет



– Кемин районунун мамлекеттик администрациясынын биринчи орун басары Алмаз Дубанаев билдиргендей, «Алтынкен» компаниясы айыл аймагында социалдык жана инфраструктуралык өнүгүүгө олуттуу салым кошууда.

А.Дубанаевдин айтымында, компания өзгөчө жардамга муктаж калктын аялуу катмарын колдоп, жергиликтүү бийликтин ишин жеңилдетет. Айрыкча жайлоо жайыттарына баруучу жолдорду тазалоо жана оңдоо иштеринде «Алтынкендин» техникалары чоң жардам көрсөтөт.

Бул демилге малчыларга өз убагында жайлоого чыгып, чарбачылык иштерин үзгүлтүксүз жүргүзүүгө шарт түзөт.

«Айыл аймагында кандай жардам суралбасын, компания колдон келген жардамын көрсөтүп келет», – деп белгиледи А.Дубанаев.

Анын айтымында, 2025-жылы айыл аймагында жүргүзүлгөн сурамжылоонун жыйынтыгында «Жылдын мыкты демөөрчүсү» деген наам «Алтынкен» компаниясына ыйгарылган.

Мындан тышкары, компаниянын салымы Чым-Коргон айыл аймагы менен гана чектелбестен, жалпы Кемин району үчүн да чоң мааниге ээ. 2025-жылы айыл аймагына жалпысынан 144 млн. сом инвестиция тартылып, анын 120 млн. сому «Алтынкен» компаниясынын Кемин өнүктүрүү фонду аркылуу каржыланган.

А.Дубанаев белгилегендей, социалдык объектилерди куруу, инфраструктураны жакшыртуу жана калктын муктаждыктарын камсыз кылуу боюнча компаниянын салымы чоң, бул демилгелер жергиликтүү турмушту жакшыртып, райондун туруктуу өнүгүүсүнө өбөлгө түзүүдө.

***PS: «Кыргыз Туусу» гезити «Алтынкен» компаниясынын Кемин районундагы социалдык жана гуманитардык багыттагы иштерин байма-бай чагылдырып келет. Калктын аялуу катмарын, мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарды колдоо, ошондой эле жергиликтүү бийлик органдарынын ишин жеңилдетүү жана социалдык маселелерди чечүүгө багытталган аракеттери гезит беттеринде кеңири жарыяланууда.***

***Көрүнүп тургандай, «Алтынкен» компаниясынын ишмердүүлүгү Кемин районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө жана калктын турмушун жакшыртууга олуттуу салым кошууда.***

***Компаниянын демилгелери жумуш орундарын түзүү, инфраструктураны жакшыртуу жана коомдук кызматташтык аркылуу аймактын туруктуу өнүгүүсүнө дем берип жатат.***

**Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА, "Кыргыз Туусу"**